Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д 07.23.674 диссертациялык кеңешинин

№ 10 Протоколу

**24.03.2025** **Бишкек шаары**

Кеңештин бардык мүчөлөрү-13
Катышканы-10

Төрагасы –т.и.д., доцент Табалдиев К.Ш.
Төраганын орун басары– академик Асанканов А.А.
Окумуштуу катчы-т.и.д., доцент Бикбулатова А.Р.

**Күн тартибинде:**

**Төрага:** Саламатсыздарбы урматтуу коллегалар, бүгүн күн тартибинде Абдиева Айшахан Мухаматкуловнанын «Кыргыздардын өсүмдүктөрдү таанып билүүсү жана аларды колдонуусу (XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы)» деген темада 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын алдын ала коргоосу. Жактоочунун кандидаттык наам алуу үчүн илимий жетекчиси: т.и.д., профессор Асанканов Абылабек Асанканович.

Урматтуу кесиптештер, жыйынга диссертациялык кеңештин 13 мүчөсүнүн ичинен 10 мүчөсү катышууда, кворум бар, макул болсонуздар отурумду баштай берели. Диссертациялык кеңеш ишин баштасын дегендер добуш берүүңүздөрдү суранам. Макул-баары, каршы жок. Кеңештин ишин ачык деп жарыялаймын. Изденүүчүнүн өздүк делосу менен тааныштыруу үчүн сөз окумуштуу катчы, т.и.д., доцент Бикбулатова Аниса Рифовнага берилет.

**Окумуштуу катчы:** Изденүүчү А.Абдиеванын иш кагаздары КР УАКнын талаптарына ылайык даярдалганын белгиледи.

**Төрага:** Өздүк делонун материалдары боюнча окумуштуу катчыга суроолор барбы? Суроолор жок болсо, анда диссертациянын негизги мазмуну менен тааныштыруу үчүн сөз кезеги Абдиева Айшахан Мухаматкуловнага берилет. Сизге 10-15 мүнөт берилет.

**А.М.Абдиева:** Саламатсыздарбы, урматтуу төрага жана диссертациялык кеңештин мүчөлөрү! Изилденип жаткан диссертациялык иш актуалдуу. Бул изилдөөдө XIX к. аягы - XX к. башындагы кыргыздардын этномаданий мурасынын бири-өзүлөрүн курчап турган өсүмдүктөрдү таануусу жана аны турмуш-тиричилигинде колдонуусу каралат.

**Диссертациялык иштин негизги максаты:** Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш чөлкөмүндө жашаган кыргыздардын өздөрүн курчап турган флораны күндөлүк турмушта пайдалануусунун өзгөчөлүктөрүн иликтөө.

**Максатка жетүү үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлду:**

- өсүмдүктөрдөн жасалган турмуш-тиричилик буюмдарын, эмгек куралдарын жана алардын жасалыштарын ачып изилдөө;
- дыйканчылык менен өндүрүлгөн өсүмдүктөр жана алардан жасалган буюмдардын жасалыштарын ачып көрсөтүү;
- өсүмдүктөрдү тамак-аш катары пайдаланылышы жана алардын жасалышында элдик ыкмаларын изилдөө;
- өсүмдүктөрдү дарылык максатта пайдалануунун өзгөчөлүктөрүн иликтөө;
- өсүмдүктөрдү мал чарбачылыкта салттуу дары катары пайдаланышынын өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү;
- өсүмдүктөрдү тери жана жүн иштетүүдө пайдаланылышын иликтөө;
- өсүмдүктөрдү сулуулук каражаты катары пайдалануунун өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү;
- өсүмдүктөрдү каада-салт, ырым - жырымдарда пайдалануунун өзгөчөлүктөрүн карап чыгуу;
- өсүмдүктөрдүн жергиликтүү элдин руханий дүйнөсүндөгү ордун аныктоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** Аткарылган эмгек кыргыз этнология илиминде XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын өсүмдүктөрдү күндөлүк турмуш-тиричиликте пайдалануусун атайын өзүнчө изилдөөгө аракет жасаган алгачкы эмгек болуп саналат.

1. XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш аймагындагы мелүүн жана ысык алкакта өскөн өсүмдүктөрдүн түрлөрү, сапаттары, табигый жана колдо өстүрүлгөн өсүмдүктөрдү пайдалануунун формасы жана мазмуну ар тараптан изилденди.

2. Мал чарбачылыгында пайдаланылуучу флорадан жасалган буюмдар жана шаймандар жана аларды жасоонун элдик ыкмаларынын аймактык өзгөчөлүктөрү этнографиялык талаа материалдарынын негизинде каралды. Дыйканчылык иштеринде пайдалануучу өсүмдүктөрдөн жасалган турмуш-тиричилик буюмдары, шаймандар, идиш-аяктар жана аларды жасоонун элдик ыкмаларынын аймактык өзгөчөлүктөрү изилденди. Андан сырткары кыргыздардын флораны тамак-аш, дары каражаты катары пайдаланышынын өзгөчөлүктөрү такталды жана тери, жүн иштетүүдө боёк катары даярдоо тартиби жана буюмдарга ар түрдүү түс берүү ыкмалары ачылып көрсөтүлдү.

Ошону менен бирге, бул илимий маселе башка түрк тилдүү жана Борбордук Азиядагы кошуна элдерде өсүмдүктөрдүн аталышы, колдонуу ыкмалары менен салыштырылып каралды жана алгачкы жолу кыргыз элинин өсүмдүктөргө байланышкан каада салт, жөрөлгөлөрү жана дүйнө таанымдары чагылдырылды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш кыргыздарынын чарбага жана материалдык маданиятына байланыштуу өсүмдүктөрдү таанып билүүсү алардын өсүмдүктөргө аяр мамиле кылгандыгын көрсөтөт жана табият, айлана-чөйрө менен  эриш-аркак болуп жашагандыгын далилдейт. Бул азыркы жана келечектеги муундар үчүн курчап турган чөйрө менен кандай мамиледе болуу керек экендигинин мыкты үлгүсү. Эгер жаратылышка, анын ичинде өсүмдүктөр дүйнөсүнө этиет мамиле кылбаса бүткүл адамзатка апаат алып келиши мүмкүн. Флорага зыян келтирилсе этностордун өнүгүшү да ойдогудай болбойт. Азыркы адамдар жаратылышка мамилесин өзгөртүүгө тийиш жана өсүмдүктөр дүйнөсүнө аяр мамиле кылуусу абзел

Бул эмгек тарыхчыларга, этнографтарга, жалпы илим иликтөөчүлөргө жана көркөм өнөр менен эмгектенишкен кесип ээлерине баалуу материал боло алат. Изилдөөнүн жыйынтыктары кыргыз элинин этномаданиятын, колдонмо өнөрүн окутууда, этнография жана атайын курстарды студенттер үчүн окууга, жалпы эле билим алган окуучуларга, жаштарга сунуштаса болот. Бул эмгектин жыйынтыктары жалпы эле коомчулукка, ар бир үй-бүлөгө пайдалуу болушу мүмкүн.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүндө жашаган кыргыздар өзүлөрүн курчап турган флораны өз мезгилине жараша ар тараптан жана терең аңдап билишкен. Алар өсүмдүктөрдүн ар бирин атынан аташкан жана алардын  сапатына жана касиетине жараша күндөлүк жашоо-турмушунда кенен-кесири пайдалана билишкен;
2. Кыргыздар табият чөйрөсү менен айкалышып жашоодо өздөрүнө тиешелүү экологиялык маданиятты калыптандырган. Өсүмдүктөр-кыргыз элинин этникалык ландшафтынын негизги маданий мүнөзүн жана адамдардын жаратылышка жасаган мамилесин аныктаган. Аталган аймакта жашаган кыргыздар мал-чарбачылык жана дыйканчылык менен тиричилик кылгандыктан алардын чарбачылык ишмердигине жергиликтүү жапайы жана маданий өсүмдүктөр, анын ичинде багбанчылыкта өстүрүлгөндөр да, белгилүү бир өлчөмдө таасир берген. Өсүмдүктөр дүйнөсү мал үчүн тоют гана эмес, эл чарбасынын түрдүү тармактарындагы маанилуу чийкизат жана материал катары каралат.

3. Кыргыздар өстүргөн өсүмдүктөр айыл-чарбада азык-түлүк, эмгек куралдары жана идиш-аяк катары пайдаланылган, ошол эле учурда алардын жасалышында аймактык жана экологиялык өзгөчөлүктөр бар.
4. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш аймагындагы кыргыздар тамак-ашты даярдоодо сүт, эт азыктарына негизги орун беришет, ошентсе да камырдан, башка өсүмдүктөрдөн алынган азыктар тамак-аш системасында маанилүү ролду ойнойт. Тамак-ашка жапайы өсүмдүктөрдөн сырткары талаада, бакта жана бакчачылыкта өстүрүлгөн маданий өсүмдүктөр да пайдаланылган.
5. XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздар маданий өсүмдүктөрдөн турмуш-тиричилик буюмдарын жасоонун, өсүмдүктөрдөн боек алуунун түрдүү ыкмаларын иштеп чыгышкан жана Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышында алардын аймактык өзгөчөлүктөрү болгон.
6. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздар флораны дары катары адамдарды дарылоодо, сулуулук каражаты катары кенен пайдаланууга аракет кылышкан. Аймакта өскөн, дүйнөдө сейрек кездешүүчү гүл өзүнүн кооздугу менен жергиликтүү калктын руханий дүйнөсүнөн өзгөчө орун алган.

**Диссертанттын жеке салымы:** диссертант 12 жылдан ашуун (2012-2024жж.) мезгилде Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш чөлкөмүнүн жана аймактарынын Кадамжай, Баткен жана Лейлек өрөөндөрүнүн айылдарында, жайлоолорунда болду. Ар бир барганда, автор, турмуш-тажрыйбасы бар, орто жана жогорку муундагы адамдар менен аңгемелешти, интервью алды, сурамжылады. Өсүмдүктөрдү чогултуп даярдоо, пайдалануу ыкмаларына тикеден тике байкоо жүргүздү. Ошону менен бирге каралган маселе боюнча эң алгачкылардан болуп этнографиялык бир топ талаа материалдары жыйналды, алар анализденди, сүрөт, видеоматериалдар тартылды. Автор тарабынан илимге кыргыздардын материалдык маданиятынын баа жеткис мурасы болгон турмуш-тиричилик буюмдарын, эмгек куралдарын жасоонун жана пайдалануунун ыкмалары киргизилди.

Автор тарабынан илимде биринчи болуп өсүмдүктөрдү күндөлүк турмушта тамак-аш, дары-дармек жана сулуулук каражаты, ошондой эле салт-жөрөлгөлөрдүн компоненти катары пайдалануусунун ыкмалары ар тараптан изилдөөгө алынды. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш чөлкөмүнүндө жашаган кыргыздардын күндөлүк турмушунда пайдаланылган өсүмдүктөрдүн аталыштары баяндалды. Автор тарабынан тартылып алынган алардын сүрөттөрү Тиркемеде берилди.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы:** Диссертациялык иштин негизги жоболору жана иштин мазмунуна

байланыштуу илимий тезистер, макалалар, ата мекендик жана чет элдик басылмаларда, анын ичинде РИНЦ системасына кирген илимий журналдарда жарыяланды. Диссертациялык тема боюнча диссертанттын 19 илимий макаласы жарык көргөн.

**Изилдөөнүн хронологиялык жана географиялык алкагы** XIX к. аягы - XX к. башындагы Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш чөлкөмүн камтыйт (азыркы учурда бул аймакка Кыргызстандын Баткен облусунун Кадамжай, Баткен, Лейлек райондору кирет. Өзбекстан, Тажикстан республикалары менен чектешет, Сох, Шахимардан, Ворух анклавы, Ходжент областы орун алган).

**Диссертациялык иштин жалпы түзүлүшү.** Диссертация кириш сөздөн, 6 баптан (анын ичинде 14 параграфтан) турган негизги бөлүмдөн, корутундудан, колдонулган адабияттардын, маалымат берүүчүлөрдүн тизмесинен жана тиркемеден турат.

**Киришүү болүгүндө** теманын актуалдуулугу, изилдениши, диссертациянын максаты, милдеттери, анын жаңылыгы, апробацияланышы, структуралык бөлүнүшү берилди.

Биринчи бап **"Изилдөөнүн тарыхнаамеси"** деп аталып, эки бөлүмдөн турат биринчи бөлүмдө **Батыш, Чыгыш жана Россия окумуштууларынын изилдөөлөрү** каралды.

Өсүмдүктөрдү пайдалануу маселесине кызыгуу байыркы мезгилде эле башталган. Байыркы доордогу авторлордун эмгектеринин негизинде орто кылымдарда Европада да, Чыгыш өлкөлөрүндө да чөптөрдүн дарылык касиетине арналган эмгектер пайда боло баштайт.

Ал эми Фергана өрөөнү жөнүндө байыркы доордон тартып бир канча түрдүү эмгектер жазылган, алардын ичинде кытай, араб, перс жана түрк булактары өзгөчө орунду ээлейт. Бирок, окурмандар үчүн бул булактар жетүүгө кыйын бойдон калууда.

Фергана боюнча алгачкы маалыматтар б. з. ч. III кылымга таандык. Байыркы кытай адабияттарында Фергананын өсүмдүктөрү жөнүндө кээ бир маалыматтар кездешет.

Экинчи бөлүм **XX к. Советтик, постсоветтик окумуштууларынын изилдөөлөрү** деп аталган. Совет мезгилинде кыргыздардын флораны пайдалануусу тууралуу кол өнөрчүлүк боюнча жазылган илимий изилдөөлөрдө аздыр-көптүр чагылдырылат. Бирок алардын көпчүлүгү Кыргызстандын түндүк бөлүгүндө жашаган кыргыздардын арасында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн материалында жазылган. Кыргызстандын түштүк-батыш райондоруна тиешелүү материалдарды чагылдырган эмгектер саналуу гана кездешет.

Диссертациялык иштин экинчи бабында **“Изилдөөнүн методологиясы, ыкмалары, жана булактары”** деп аталып, эки бөлүмдөн турат**,** анын **“Изилдөөнүн методологиясы жана ыкмасы”** деп аталаган биринчи бөлүгүндө изилдөөнүн методологиялык принциптери, методдору көрсөтүлдү.

**Изилдөөнүн объектиси** катары Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш аймагында жашаган кыргыз калкынын өздөрүн курчап турган өсүмдүктөргө болгон мамилеси тандалып алынды.

Экинчи баптын экинчи бөлүгү **“Изилдөөнүн булактары”** деп аталат. Изилдөөнүн негизин автор тарабынан 2012-2024-жылдар аралыгында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш чөлкөмүндөгү эл арасынан чогултулган этнографиялык талаа материалдары түзөт.

**Үчүнчү бап “Өсүмдүктөрдүн салттуу чарбада пайдаланылышы”** деп аталат. Анын биринчи бөлүмүндө (Кыргыздардын көчмөн жана жарым көчмөн жашоо турмушундагы өсүмдүктөрдөн жасалган буюмдары жана алардын колдонулушу) XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышында жашаган кыргыздардын көчмөн жана жарым көчмөн турмушунда колдонгон өсүмдүк буюмдары, алардын колдонулушу каралат.

**Үчүнчү баптын экинчи бөлүмү өсүмдүктөрдүн ат таптоодо пайдаланылышына арналды.** Белгилүү болгондой, салттуу кыргыз оюндарынын бир бөлүгү жылкы менен тыгыз байланышкан (ат чабыш, эр оодарыш, көк бөрү (улак тартыш), тыйын эңмей, жамбы атыш ж. б.). Ат оюндары үчүн жылкыларды таптап көндүрүү керек болгон. Аттарды таптоонун маанилүү жагы, аларга бериле турган азык заттарга жана алардын өлчөмүнө байланыштуу.

**Үчүнчү баптын “Дыйканчылык менен өндүрүлгөн өсүмдүктөр, алардан жасалган буюмдар жана алардын колдонулушу”** деп аталган үчүнчү бөлүмүндө колдо өстүрүп алынган өсүмдүктөрдөн жасалган буюмдар тууралуу сөз болот. Дыйканчылык маданият Фергана өрөөнүндө мурдатан эле болуп келген.

**“Өсүмдүктөрдү азык жана дары катары пайдаланылышы” деп аталган төртүнчү баптын биринчи бөлүмүндө (“Өсүмдүктөрдү тамак-аш, суусундук катары пайдаланылышы жана жасалышынын элдик ыкмалары”)** өсүмдүктөрдөн алынган тамак-аш жана суусундуктар тууралуу айтылат. XIX к. аягы – XX к. башында изилденген аймакта жашаган кыргыздар флоранын (өсүмдүктөрдүн) төмөнкү үч түрүн азык катары пайдаланышкан: эгилме өсүмдүктөрдөн алынуучу азыктар; жапайы өсүмдүктөрдөн алынуучу азыктар; бакчачылыкта өстүрүлгөн жашылчалар жана багбанчылыкта өстүрүлгөн дарактардын мөмө-жемиштери.

**Төртүнчү баптын экинчи бөлүмү (Өсүмдүктөрдү дары катары пайдаланылышы жана алардын жасалышынын элдик ыкмалары)** өсүмдүктөрдөн алынуучу дарыларга, алардын жасалышына арналды. Кадамжай, Баткен, Лейлек өрөөндөрүндөгү кыргыздар өсүмдүктөрдү дары катары туура даярдоону үйрөнүү менен түрдүү ыкмаларды колдонушуп, оорулууларды дарылашкан.

**Төртүнчү баптын үчүнчү бөлүгү "Өсүмдүктөрдүн мал ылаңдарын дарылоодо пайдаланылышы"** деп аталат жана анда элдик ветеринария жөнүндө сөз болот.

XIX к. аягы – XX к. башында изилденип жаткан аймактын кыргыздары түрдүү мал ылаңдарын (жугуштуу жана жугуштуу эмес, тери, ичеги-карын, сынык оорулары) дарылоодо флораны дары катары пайдаланышкан

**Бешинчи баптын (Өсүмдүктөрдүн күндөлүк турмуш-тиричиликте пайдаланылышы) "Өсүмдүктөрдүн тери жана жүн иштетүүдө пайдаланылышы"** деген бөлүмүндө өсүмдүктөрдөн алынуучу боектор тууралуу сөз жүрөт. XIX к. аягы жана XX к. башында Фергананын түштүк-батыш аймактарында жашаган кыргыздар териден жасалган буюмдарга же болбосо кие турган кийим-кечелерге өң-түс берүү үчүн талаа өсүмдүктөрүн, дан өсүмдүктөрүн, жана сүт азыктарын (айран, сүзмө) пайдаланышкан. Өсүмдүктөрдөн боёк жасап, абдан жумшак ийленген териге боёк сүртүп, ага жарашыктуу өң-түс берип даярдалган буюм өңүнө, көркүнө чыгып, сапаты жогору болгон.

**Бешинчи баптын экинчи бөлүмүндө өсүмдүктөрдүн сулуулук каражаты (косметика) катары пайдаланылышы** каралды. Кыргыздар да башка элдер сыяктуу эле адамдардын келбетине, сулуулугуна өзгөчө маани беришкен, айрыкча аялзатынын сулуулугуна көңүл бурушкан. Коздонуу, сулуулануу үчүн аял заты осмо, кына жана эндик ж. б. өсүмдүктөрүн пайдаланышкан. Сулуулукту жана жаштыкты көпкө сактоо үчүн териге серпилмелүүлүк, ийкемдүүлүк беришип жана беттеги бырыштарды, сөөлдү, меңди (калды) жок кылуу, күндөн сактануу үчүн түрдүү өсүмдүктөрдөн жасалчу каражаттарды колдонушкан.

**Алтынчы бап "Каада-салттарда өсүмдүктөрдүн мааниси" деп аталат. Анын биринчи бөлүгүндө ("Өсүмдүктөрдү каада-салт-жөрөлгөлөрдө пайдалануу)** ырым-жырымдарда пайдаланылган өсүмдүктөр тууралуу кеп болот. Иликтенген чөлкөмдөгү кыргыздар өсүмдүктөрдү рационалдык максаттарда колдонуу менен катар каада-салт, ырым-жырымдарда да кеңири колдонушкан. Коомдук, табигый жүрүмдөрдүн чыныгы жана түпкү себептерин аңдап-билүүгө алсыз болгондуктан, элдер түрдүү ырым-жырымдар аркылуу тилегине жетүүгө умтулган. Келинди

көчүрүп бararда ал отуруучу арабага “келиндин ырыскысы мол болсун”, - деп кебек себишкенин белгилеген.

**Алтынчы баптын экинчи бөлүмү** кооз өсүмдүктөрдүн элдин руханий дүйнөсүнө тийгизген таасирине арналды. Ферганanын кыргыздар жашаган түштүк-батыш аймагында өзүнүн кооздугу, адаттан тыш турпаты менен элдин кызыгуусун жараткан, ошого байланыштуу руханий дүйнөсүнөн өзгөчө орун алган флора түрлөрү бар. Алар жергиликтүү элдин тили менен айтылып жүргөн Айгүл гүлү жана Зулпучач.

Корутундулап айтсак Флора азык, дары-дармек, үй буюмдарын, эмгек куралын ж. б. жасоодо негизги материал болгондон сырткары жергиликтүү калктын руханий дүйнөсүнө да таасир берген. Кооздугуна суктанган, ой-кыялын өстүргөн жана чыгармачылыкка түрткөн. Дүйнөдө сейрек кездешчү Айгүл гүлү, Зулпучач тууралуу алардын жаралышы, кооздугу, белгилүү бир мезгилде жайнап чыгып, гүлдөшү жөнүндө түрдүү уламыштар чыгарылган. Аймактан чыккан жазуучулар азырга чейин андан шык алып түрдүү багыттагы чыгармаларды жаратууда.

**А.Р.Жоошбекова:** Изилдөөдө стационардык айылдар кайсылар болду? Дары-дармек катары пайдаланылган өсүмдүктөрдүн ичинде уу коргошун бар бекен, пайдаланылчу бекен? Ушул эки суроого жооп берсеңиз.

**Изденүүчү: А.М.Абдиева:** Биздин стационардык айылдарыбыз Кадамжай районунан Айрыбаз айылы, Баткен районунан Кара-Булак айылы, Лейлек районунан Көк-Таш айылдары алынды. Диссертацияда бул боюнча толук маалыматтар берилген. Өсүмдүктөрдүн башкача аталышы, аталыштарынын айырмачылыктары, колдонуу ыкмалары да берилген. Андан кийин экинчи суроо боюнча биз иликтеген аймакта уу коргошун (аконит ядовитый) жок болуп чыкты. Тактоолор жүргүзүлдү. Иликтенген аймакта өспөгөндүгү биологдор тарабынан да айтылды. Уу коргошун Ысcык-Көл жана Чүй өрөөндөрүндө гана өсөт экен. Ошон үчүн иликтөө жүргүзүлгөн аймакта аныкталган жок.

**Т.и.д., профессор Т.К. Чороев:** Өсүмдүктөр жөнүндө чындыгында абдан көп багыттуу изилдөөлөр тууралуу Кыргызстанда сизден башка дагы иликтегендер бар бекен? Эгер бар болсо кайсы илимий тармактар боюнча экен?

**Изденүүчү А.М.Абдиева:** Иликтенгендер бар экен. Аларды карап чыктым. Нарын мамлекеттик университетинде эмгектенген Омурова Кенжегүл Орозобековна “Ички Тянь-Шандагы өскөн дары өсүмдүктөрдүн негизги түрлөрүнө ресурстук мүнөздөмө берүү (Нарын районунун мисалында)” деген темада изилдеген экен. Андан сыткары Мыскал Ганыбаева “Флора

междуречья Исфана и Ляйляк (северный склон Туркестанского хребта)» деген темада биология тармагында караптыр. Аларды карап чыктым.
**Т.и.д., профессор Т.К. Чороев:** Ономастикалык жактан тилчилер карагандар да бар бекен?
**Изденүүчү А.М.Абдиева:** Тилчилердин эмгегин карап чыгышым керек экен. Муну эске алабыз.
**Т.и.д, профессор О.К.Каратаев:** Менде каалоо дагы, суроо дагы да. Иш оригиналдуу, андан эч маселе жок. Балким ушул иштин мындан ары да дурус болушуна, сапаттык жактан. Кыргызстанга биринчи келген орус саякатчылары, алардын ичинен көпчүлүгү биздин Кыргызстандын ландшафтын, рельефин изилдегендер ботаниктер болгон да э. Ушулардын эмгектеринен анча мынча колдондунузбу, бул бир? Экинчиси, информаторлор бар экен. Информаторлор бул паспорт да, паспортту туура эмес жазыпсыз, тартипке келтирип жазыңыз, сөзсүз, мындай болбойт, бирок колдонупсуз, бул жакшы. Анан, Махмуд Кашкаринин сөздүгүндө ушул фитонимдер-чөптөр тууралсында бар. Ошондон да шилтеме келтирип, эмгектин аягында сөздүк- глоссарий кылып берип койсоңуз абдан кызыктуу болот да. Андан кийин кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү 2017-2018-жж. КР Улуттук Илимдер Академиясынан 2 томдугу чыкты. С.Мусаевдин эмгегинде түшүндүрмө сөздүгүнөн керектүү болгон маалыматтарды алып, андан да глоссарий берсеңиз. “Манас” эпосунда ошол дарылык касиети бар чөптөрдү колдонгон, ошондон маалыматтарды колдонуңуз, энциколопедияны караңыз. Андан башка Сулайман Турдуевич Кайыповдун “Кыргыз ичкиликтер уруусу” эмгегинде Туркиядагы каада-салттары гана эмес, анын ичинде ичинде сиздин диссертацияга тиешелүү абдан баалуу материалдар бар. Аны колдонуңуз, колдонбосоңуз болбойт, өзүңүз ичкилик болосуз, Лейлектен болосуз. Ал жерде ошол кесек менен тейит, кыпчак, наймандар жашап калышкан. Андан кийин М.Мырзакметовдун жакында эле макаласы чыкты, флористика боюнча, ошону алып пайдаланып койсоң. Анан иш жакшы болот го буюрса, менин пикирим ушул.
**Изденүүчү А.М.Абдиева:** Ыракмат, Олжобай Кубатбекович. Сунуштарыңызды сөзсүз эске алабыз.
**Төрага:** Суроолоруңуздар болсо бериңиздер дагы, суроо жок болсо мен токтолуп кетейин. Абдан жакшы иш, бул жерде Олжобай Кубатбекович айткан пикир өтө туура, ансыз болбойт. Сиз унутулуп бараткан бир топ терминдерди кошуп атасыз. Алар көп элдин ичинде белгисиз. Глоссарий кошушуңуз керек. Келечекте глоссарий кошкондо ошолорду сүрөттөр менен берсеңиз аябай түбөлүккө кала турган эмгек болот. Менин өзүмдүн жеке суроом: чөп чарларды иштеткен учурда пайдаланган таштан, жыгачтан

жасалган аспап, шаймандар тууралуу маалымат топтодуңузбу? Тамырды, данды майдалай турган буюмдар кездештиби? Болсо ошолордун сүрөттөрүн кошуп койсоңуз абдан жакшы болот эле. Майдалагыч деп коёт археологияда чөйчөк сыяктуу аспап, шаймандар бар, насыбайды майдалагыч, мына ошолорду колдонуусу боюнча маселелер биз үчүн дагы абдан кызык, ракмат

**Изденүүчү А.М.Абдиева:** Ооба, чөптөрдү майдалаганда соку жана соку ташты колдонгонун көрдүм.

**Төрага:** Изденүүчү Абдиева Айшахандын берилген суроолорго жооптору бар, кыскача айтып кетсеңиз.

**Изденүүчү А.М.Абдиева:** Махмуд Кашкаринин сөздүгү боюнча карап чыктым. Бул эмгекте өсүмдүктөрдүн аталыштары, дарт-ооруулар боюнча берилген. Көп жыл мурда аталган китептен маалыматтарды жыйнаган элем. Олжобай Кубатбекович айткандай, мен бул эмгекти кайрадан карап чыгып диссертацияны толуктаймын. “Манас” эпосундагы өсүмдүктөр жөнүндө чындыгында аз колдонулуп калыптыр. Бул сунуш менин эмгегимдин жакшы болушуна өбөлгө түзөт. Коргоого чейин сөзсүз түрдө бул маалыматтарды кошом. Сулайман Кайыповдун эмгегинде Памир кыргыздары менен биз иликтеген аймактын кыргыздарынын каада-салттарынын окшош жактары бар экен. Кичинекей балдардын көзү кылый болгон учурда башына патир кесүү, бертик берүү боюнча салыштырылган. Бул боюнча да карап чыгабыз. М.Мырзакметов Агайды уктум эле, бирок анын эмгектерин пайдаланбай калыптырмын. Муну эске алабыз. Информаторлор боюнча айылдар боюнча бөлүп, уруулары боюнча киргизгенмин. Глоссарий берилбей калыптыр. Сөзсүз түрдө бул сунушту эске алабыз. Тиркемедеги 80% сүрөттөр этнографиялык экспедициянын негизинде тартылган жана БатМунун Сүлүктүдөгү филиалында 700 жакын этнографиялык, археологиялык буюмдар топтолду.

**Төрага:** Айтылган кемчиликтерди кыска убакытта кээ бирлерин бат-баттан жойсо болот. Кийин китеп чыгарганда дагы өнүктүрөсүз. Анда сөз А.Абдиеванын жетекчиси т.и.д, профессор Абылабек Асанкановичке берилет.

**Профессор А.А.Асанканов:** Урматтуу кеңештин катышуучулары, А. Абдиеванын иши кыргыз этнографиясында атайын биринчи изилденген эмгек. Буга чейин дагы мындай эмгектер бар. Бирок, биринчи атайын өзүнчө Фергананын түштүк-батышындагы кыргыздарды биринчи жолу изилдеп атат. Иштегенибизге 12-13 жыл болду, 3 жолу эмгекти кайра кайрыдык. Анан эң негизгиси материалы 90-95 % өзүнүн материалдары, өзү чогулткан материалдар. Баткен, Кадамжай, Лейлектен чогултулган, эмгеги ушунда болуп атат. Кызыгы мындай болду да, мындай теманы карап көрсөк,

кыргыздар салттуу коомдо аң-сезимдүү болушкан, флора, фаунаны жакшы таанышкан, биз ушуну далилдегибиз келди. XIX к. экинчи жарымынан баштап, XX к. башында кыргыздар жапайы болушкан, эчтекени билбеген, эчтекени көрбөгөн, жалаң орустар келгенден кийин гана билимди таанып баштады дегенге жооп берип жатабыз. Биз ошол өзүбүздү курчап турган чөйрөнү жакшы билгенбиз, ушул Абдиеванын эмгегинин натыйжасында аны далилдей алдык. Али да иштей турганың көп, мактанып кетпе. Абдиева мыкты чечти. Кызыгы мындай экен, кийин башкаларды бере турган болсок, азыр бирөө суроо бербедиби, аконит ядовитый боюнча. Мурда мындай теманы берип көргөн эмеспиз да. Көрсө бир областтын территориясын бир окуучуга берген бул абдан көп экен. Биологдор, ботаниктер бир райондун масштабында гана алат экен. А биз бир областтын масштабында алыпбыз, жакшы Жалал-Абад менен Ошту бербептирбиз. Баткен кичирээк да. Ошондуктан көбүрөөк иштегенге туура келди. Анан дагы бир жери жалаң гана дары эмес, косметика, чарбага, дары, сыр-боёк катары да колдонулушу, менин оюмча, мунун аракети күч экен да, азаматтар, ичкиликтер, Баткендин, Лейлектин, Сүлүктүдө туруп алып, аябай эмгектенгени мага жагат, момундай тиркемелерди жасады. Буюрса, ушуну өзүңөр карап, колдоп бергиле.

**Төрага:** Урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, анда сөздү эксперттерге берсек. Сөз Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекетттик университетинин Кыргызстан тарыхы жана этнология кафедрасынын профессору, т.и.д, профессор Айнагул Рысбаевна Джоошбековада.

**Т.и.д, профессор А.Р.Джоошбекова:** Саламатсыздарбы, урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, кесиптештер, Абдиева Айшахан Мухаматкуловнанын “Кыргыздардын өсүмдүктөрдү таанып билүүсү жана аларды колдонуусу (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)” деген темадагы кандидаттык диссертациясы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистигине жана диссертациялык кеңештин багытына туура келет.

Диссертациялык теманын актуалдуулугу талашсыз. Анткени, Абылабек Асанканович айткандай, бул тема этнологиялык багытта изилденип карала элек. Жашоонун азыркы ыргагы дагы жаратылышты сактоону, ага адамзаттын аяр мамиле кылуусун талап кылууда. Бекеринен эл аралык проектилердин негизги приоритеттүү багыттарынын бири - экология экендиги да баарыбызга белгилүү. Биздин ата-бабалар табигат менен гармониялуу мамиледе болгон жана ага аяр мамиле жасаган. Өзүнүн керектөөсүнө ылайык гана жаратылыштан азыктарды, ресурстарды алып турган. Жаратылыш мыйзамдарын сыйлап, өзү турган аймакты, чөйрөнү аздектеп, ыйык тутуп жашаган.

Элдик оозеки чыгармаларда (мисалы Сур Эчкинин каргышы, Кожожаштын трагедиясы) табигатка аяр мамиле кылууну эскертүү муундан муунга сабак катары өтүп келе жатат. Ата-бабалардын мурасы, баалуулуктары санчы, сынчы, эсепчи, эмчи-домчу, дарымчы, мүнүшкөр, саяпкер ж. б. элдик билимдерди алып жүргөн кишилер аркылуу улам кийинки муунга берилип, бүгүнкү күндөгү абалына жетти. Ошол элдик билимдин уюткусунан бирдеме билип калган, алып калган адамдардан информаторлор катары маалыматтарды чогултуп, аны иштеп чыгып, талдап, илимий айлампага киргизүүнүн өзү этнология илими үчүн чоң пайда. Диссертанттын этнология илимине кошуп жаткан салымы, өзү жашаган аймактагы элине жасаган кызматы бул - Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы жашаган кыргыздарынын табигатка карата жүрүм-турум маданиятын изилдеп, илимий айлампага киргизип жаткандыгында.

Этностордун жаратылыш таануусунун жана пайдалануусунун салттуу системасы жаратылыш чөйрөсүнө карата ыңгайлашат. Жаратылыш чөйрөсүнө түздөн-түз көз каранды. Ошондуктан ыңгайлашуунун маанилүү механизми - этностук маданият экендиги бул диссертациядан көрүнүп турат.

Диссертант бул диссертацияны жазууда диахрондоштуруу, синхрондоштуруу, реконструкциялоо, ж.б. этноботаникалык илимий ыкмаларды, дисциплиналар аралык методдордун колдонуусу дагы колдоого арзыйт. Азыр бул мезгилдин талабы, анткени комплекстүү изилдөө үчүн ар түрдүү илимдердин илимий методдорунун жардамы керек болот. Этноботаника өзү жаңы илим, ал XX к.аягынан баштап калыптанып келе жатат. Бул жагынан алганда да диссертациялык изилдөөнүн темасы жана багыты зор кызыгууну жаратат.

**Илимий жыйынтыктар.** Каралып жаткан диссертациялык иште бир нече жаңы илимий жыйынтыктар чыгарылган.

1. XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүндө жашаган кыргыздар өзүлөрүн курчап турган флораны өз мезгилине жараша ар тараптан жана терең аңдап билишкен. Алар өсүмдүктөрдүн ар бирин атынан аташкан жана алардын физикалык, биологиялык сапатына жараша күндөлүк жашоо-турмушунда кенири пайдалана билишкен;

2. Кыргыздар күндөлүк турмушта кадыресе табияттын чөйрөсү менен айкалышып жашап, белгилүү деңгээлде өзүнө таандык маданиятын өнүктүрүп келген. Өсүмдүктөр – кыргыз элинин этникалык ландшафтынын негизги маданий мүнөзүн жана табиятка карата адамдардын жүрүм-турумун аныктаган. Аталган чөлкөмдө жашаган кыргыздар негизинен мал чарбачылык жана жер иштетүү жумушу менен алектенип келишкендиктен, жергиликтүү табигий флора жана бакчачылык да белгилүү мааниде

чарбачылык ишмердүүлүгүнө таасирин тийгизген. Андан сырткары, өсүмдүктөр дүйнөсү мал чарбачылыкты өстүрүү үчүн тоют катары гана каралбастан, алардын түзүмдөрү түрдүү багыттагы чарбачылыкта керектелүүчү буюмдар катары пайдаланып келишкен;

3. Кыргыздар курчап турган табигий өсүмдүктөрдү жана дыйканчылык менен өндүргөн флораны салттуу чарбачылыкта буюм, шайман жана идиш-аяк катары пайдаланышы жана алардын орду, жасалыш ыкмалары Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы аймактык, экологиялык өзгөчөлүктөргө ээ;

4. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш аймагындагы кыргыздар тамак-ашты даярдоодо жана аны кабыл алууда сүттөн, эттен жана камырдан башка өсүмдүктөрдөн алынган азыктарга орун берилген. Табигый жаратылыш флорасынан сырткары, бакчада колдо өндүрүшкөн флораны күндөлүк тамак-аштарына пайдаланып келишкен;

5. XIX к. аягы – XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын дыйканчылык менен өндүрүлгөн өсүмдүктөрдүн жана алардан жасалган буюмдардын даярдоо ыкмалары калыптанган;

6. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын флораны боёк катары турмуш-тиричиликте тери жана жүн иштетүүдө пайдаланышы жана аны колдонуунун салттуу ыкмаларында чөлкөмдүк өзгөчөлүктөрү сакталган;

7. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздар флораны дары катары адамдарды дарылоодо кенен пайдаланууга аракет кылышкан. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздар флораны сулуулук каражаты катары да пайдаланылышкан. Аймакта өскөн, дүйнөдө сейрек кездешүүчү гүл өзүнүн кооздугу менен жергиликтүү калктын руханий дүйнөсүнөн өзгөчө орун алган.

**Диссертациядагы жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли.** Алынган жыйынтыктардын ишенимдүүлүгү изилдөө материалдарын талдоонун негизинде жана диссертанттын тиешелүү ыкмаларды колдонуусу аркылуу камсыздандырылган.

**Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынган актуалдуу маселелерди чечүүдө, иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

Диссертациялык иште илимий айлампага киргизиле элек этнографиялык талаа материалдары жыйналган, тиешелүү илимий адабияттарга саресеп жасоонун негизинде жазылып, анын жыйынтык, тыянактары ички биримдикке жана багыттуулукка ээ.

**Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Диссертациялык иликтөөлөрдө жыйналган материалдардын негизинде иштелип чыккан илимий тыянак жана пикирлерди кыргыз маданияты, тарыхы жана этнографиясына байланыштуу болгон окуу китептерин жазууда, тарых, чыгыш таануу жана чөлкөм таануу адистиктеринде билим алып жатышкан студенттер, магистрлер үчүн жалпыланган окуу куралдарды жазууда, тандалма курстарды иштеп чыгууда колдонууга мүмкүн.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Диссертация менен авторефераттын мазмуну бири-бирине туура келет жана аягында 3 тилде резюмелер берилген.

**Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жетиштүү санда жарык көрүшү:**

Диссертациялык изилдөөдөн алынган негизги жыйынтыктар илимий конференцияларда окулган баяндамаларда апробацияланып, КР ЖАКнын тизмесине кирген же индекстелген системаларга кирген басылмаларда 19 илимий макалада чагылдырылган.

**Диссертациянын мазмунунда жана жасалгаланышында кезиккен айрым мүчүлүштүктөр жана сунуштар:**

1. “Флора” түшүнүгүн диссертацияда колдонууну иретке келтирүүнү сунуштайм.
2. Изилдөөнүн методдорун так, толук көрсөтүү керек. Кайсы метод кандай колдонулду, ал кандай жыйынтыктарга алып келгендигин дагы ачыктап жазуу керек.
3. Иштеги берилген шилтемелер адабияттардын тизмеси менен дал келээрин дагы бир ирет текшерип чыгуу керек.
4. Диссертацияда өрүктүн сорттору жөнүндөгү маалыматтарды кеңейтүүгө болот. Анткени өрүк Баткендин бренди, ал ар тараптан изилдениши керек. Азыркы иште кыргыздардын чарбасындагы негизги өсүмдүк, багбанчылыктын үлгүсү катары өрүк менен байланышкан этностун журүм-турум маданиятын толугураак чагылдырып берүүгө мүмкүнчүлүк болот эле.
5. Азыркы рынок экономикасына ыңгайлашууда ата-бабалардын чарбачылыгына, кол өнөрчүлүгүнө кайтуу, мурдагы элдик билимдерди колдонуу менен жан сактап, кыйынчылык мезгилден чыгууга аракет жасалып жатат. Бул кыргыздардын рынок экономикасына адаптацияланууусунун бир аракети катары бааланат. Багбанчылыктын ичинен өрүктү өстүрүүнүн жергиликтүү өзгөчөлүктөрү, жергиликтүү сорттору, жаны инновацияланган сорттору, өндүрүлгөн продукция – өрүк как, вареньелер, сок-маңызы, өрүк курут кайсы базарларда

сатылат? Кимдерге сатылат ж.б. этностор менен соода-экономикалык, маданий байланыштар кандай жүргүзүлүп жатканы жөнүндө маалыматтар иштин мазмунун байытат.

6. Дыйканчылык менен өндүрүлгөн флоралар эмес өсүмдүктөр деп жазылса жакшы болот, жана алардан жасалган буюмдар жана алардын колдонулушу деп айтылышы зарыл.
7. Диссертациянын материалдары жалпысынан табигый өскөн жана эгилме өсүмдүктөр деген классификацияга бөлүнсө болмок.

   Ошондо дыйканчылык өсүмдүктөрү: дан өсүмдүктөрү, бакчачылык, багбанчылык өсүмдүктөрү деген классификация менен изилденип, талданса жакшы болмок.

9. Диссертацияда Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш кыргыздарынын мисалында XIX к. аягы – XX к. башында аталган аймактагы кыргыздар эт азыктары менен катар эле өсүмдүктөрдөн алынуучу азыктарды кеңири пайдаланганы аныкталган. Тамак-ашка байланыштуу параграфта материалдар төмөнкү классификация менен талданышы зарыл:

1) эгилме өсүмдүктөрдөн алынуучу азыктар;
2) жапайы өсүмдүктөрдөн алынуучу азыктар;
3) бакчачылыкта өстүрүлгөн жашылчалар;
4) багбанчылыкта өстүрүлгөн дарактардын мөмө-жемиштери.

Ар бир бөлүктө материалдар ушундай илимий классификация, типтештирүү аркылуу талданса, диссертациянын мазмунундагы өсүмдүктөр тууралуу энциклопедиялык баяндоо сыяктуу материалдарды туура талдоого, жайгаштырууга мүмкүндүк бермек. Анткени диссертацияда баптын жана параграфтын аталышына жараша мазмун болушу зарыл. Ал мазмун материалдарды илимий жактан талдап, анан жыйынтык чыгаруудан куралат.

10. Стационардык изилдөө борборлорунун материалдары сөзсүз салыштырылышы зарыл. Башка региондор жана этностор менен салыштыруулар сөзсүз керек.
11. Диссертациянын тиркемесинде глоссарий сөзсүз жайгаштырылышы керек. Анткени ушунчалык көп аталыштар, абдан көп этноботаникалык терминдер, элдин өзүнүн оозунда айтылып жүргон аталыштар, ушулардын баарын чаташпас үчүн глоссарий сөзсүз түрдө керек. Эгерде мүмкүн болсо иштеги негизги баптар боюнча пайдаланылган сөздөрдүн терминдердин глоссарийин берип турса, кийин муну дагы кошумчаласа, кеңейтсе болот.
12. Диссертациянын текстин техникалык-редакциялык, орфографиялык-стилистикалык жактан дагы бир жолу терең карап чыгуу зарыл.

**Изденүүчүнүн баштапкы материалдары менен таанышуунун жыйынтыктары:**
1. Изденүүчү диссертациялык иштин үстүнөн бир топ убакыттан бери эмгектенип, көптөгөн тарыхый булактар, тарыхнаамалык илимий эмгектер менен таанышып чыккан.
2. Изденүүчү талаа материалдарын Кыргызстандын түштүгүндө жашаган тандалган изилдөө очокторунда жашаган информаторлордон чогулткандыгы аныкталды, 12 жылдан бери чогулткан материалдар талданып, илимий айлампага киргизилгендигин айтууга болот.

**Жетектөөчү мекеме катары** Кыргызстандагы Америка университетинин Антропология программасын сунуштайм. Анткени ал окуу жайында адистик боюнча жетиштүү илимий кадрлар бар.

**Расмий оппоненттерге төмөнкү адистерди:** 1. Диссертациялык кеңештин мүчөсү, Жапаров Амантур Забирдинович тарых илимдеринин доктору, КР УИАнын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун илимий кызматкери; 2. Тентигул кызы Назира тарых илимдеринин кандидаты, И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын доцентин сунуштайм.

**Диссертациянын КР ЖАКтын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун» талаптарына ылайык келиши.**

Корутундудагы белгиленген кемчиликтерди жоюу, сын пикир, сунуштарды эске алуу шарты менен Улуттук илимдер академиясынын Б.Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы **Д.07.23.674** Диссертациялык кеңешине **Абдиева Айшахан Мухаматкуловнанын “Кыргыздардын өсүмдүктөрдү таанып билүүсү жана аларды колдонуусу (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)”** деген темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илиминин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин коргоого кабыл алууну сунуштайм.

**Төрага:** Чоң ракмат, Айнагүл Рыспаевна. Сөз эксперт КРнын Улуттук Илимдер академиясынын Философия институтунун профессору, тарых илимдеринин доктору Сулайман Турдуевич Кайыповго берилет.

**Т.и.д., профессор С. Т.Кайыпов**: Урматтуу диссертациялык кеңештин төрагасы, урматтуу мүчөлөрү! Биринчи теманын өзү абдан туура тандалган жана туура коюлган, себеби, азыр жалпысынан алганда экосистема деген түшүнүк мурда башкачараак болуп кетти. Экосистема дегенде табият деп эле жалпысынан айтышчу. Азыр болсо экосистеманын өзү адамдын өзүн да

кошуп кетти. Флора жана фауна абдан аныктоочу мүнөзгө ээ болуп калды. Флора менен фауна бириккенде ошол жерде жашап жаткан элдин, топтун, этностун чарбалык маданий тибин аныктай турган күчкө ээ болду да. Мына ушул жактан алганда айлана чөйрөдөгү өсүмдүтөрдүн ошол жерде жашаган элдердин турмушуна тийгизген таасирини изилдөө катары алуунун өзү актуалдуу экендигинде эч шек жок да. Анын үстүнө бул жалаң эле этнографиялык маалымат болуп калбайт. Бул бир жагынан этноботаникага, этнофилософияга да сөзсүз тиешелүү болот. Анткени кайсы бир өсүмдүктү талдап жатканда анын адамдардын турмушундагы ордун, адамдардын ага жасаган мамилелерин караганда бул өзү жалгыз эле этнография, этнология эле эмес башка илимдерге да абдан пайдалуу маалыматтарды берет. Ошондуктан, мен теманын тандалышын абдан туура тандалган деп айтам. Актуалдуулугунда шек жок, диссертант өзүнүн изилдөөсүндө жакшы белгилептир.

Рецензияланып жаткан диссертациялык иш Киришүүдөн, 6 баптан, 14 параграфтан, Корутундудан, Колдонулган адабияттардын тизмесинен, Маалымат берүүчүлөрдүн тизмесинен жана Тиркемелерден турат. Иштин жалпы көлөмү 334 бет, андан сырткары 131 беттен турган тиркемелери да бар.

1. 07.00.07 - этнография, этнология, антропология адистиги боюнча даярдалган иштин Д. 07.23.674 Диссертациялык кецешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши жөнүндө. Диссертанттын жогоруда аталган темадагы жазган кандидаттык диссертациясы Улуттук илимдер академиясынын Академик Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д. 07.23.674 Диссертациялык кенешинин профилдик багытына толук туура келет. А. М. Абдиеванын сөз болуп жаткан диссертациялык иши Фергана өрөөнүнүн Түштүк-Батыш аймагында жашаган кыргыздардын өсүмдүктөрдү таанып билүүсүн жана аларды колдонуусун изилдөөгө арналган. Иштин хронологиялык чеги XIX к. аягы - XX к. башы деп белгиленген.

Диссертациялык иштин аткарылышы түзүлүшү жана мазмуну 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистигинин паспортуна шайкеш келет. Диссертациялык иштин максаты жана милдеттери туура аныкталган. Анын максатынын Фергана өрөөнүнүн Түштүк-Батыш аймагында өмүр сүргөн кыргыздардын XIX к. аягы XX к. башында өз айлана-чөйрөсүндөгү өсүмдүктөрдүн түрлөрүн таанып билүүсүн жана аларды турмуш-тиричиликте пайдалануу салтын, ыкмаларын монографиялык планда изилдөө

экендиги белгиленген. Изденүүчү аталган максатка жетүү үчүн өз алдына бир катар милдеттерди койгон. Аларды топтоштуруп айта турган болсок, төмөнкүдөй:

- жапайы жана техникалык өсүмдүктөрдөн жасалган буюмдарды жана алардын жасалыштарын ачып берүү;
- өсүмдүктөрдүн тамак-аш жана дары катары пайдаланылышы жана алардын даярдалышынын элдик ыкмаларын, жолдорун изилдөө;
- өсүмдүктөрдүн мал чарбачылыкта салттуу шыпаазат катары пайдаланылышын ачып көрсөтүү;
- өсүмдүктөрдүн тери жана жүн иштетүүдө колдонулушун этнологиялык жактан иликтөө;
- өсүмдүктөрдүн сулуулук каражаты катары пайдалануунун салттуу жолдорун изилдөө;
- флораны каада-салт, ырым-жырым жана жөрөлгөлөрдү орундатуудагы колдонулуш жолдорун изилдөө;
- айрым өсүмдүктөрдүн жергиликтүү элдин руханий дүйнөсүн, эстетикалык табитин калыптануудагы ордун аныктоо.

Диссертациянын изилдөө объектиси - XIX к. аягы - XX к. башындагы Фергана өрөөнүнүн Түштүк-Батыш аймагында өмүр сүргөн кыргыздардын өсүмдүктөр дүйнөсүн таанып билүүсү жана аларды өз турмушунда колдонуусу, ал эми анын предмети - XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүнүн Түштүк-Батыш чөлкөмүндө жашаган кыргыздардын салттуу маданиятынын түзүмүндөгү өсүмдүктөр дүйнөсүн таанып билүүсү, аларды күндөлүк турмушунда, жашоо-тиричилигинде пайдалануусунун салттуу ыкмалары, өсүмдүктөр дүйнөсүнөн алынуучу материалдардан жасалчу эмгек шаймандары, үй-тиричилик буюмдары, боёктор, дары-дармек, сулуулук каражаттар.

Иштин теориялык-методологиялык негизин тарыхчы, этнолог, антропологдор тарабынан иштелип чыккан объективдүүлүк, салыштырма-тарыхый принциптери, ошону менен бирге, байкоо жүргүзүү, маектешүү, ретроспективдүү көз салуу ыкмалары түзгөн. Эмгек 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча жазылган диссертацияларга коюлган талаптарга жооп берет.

2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугун автор төмөндөгүдөй аныктаган: Азыркы ааламдашуу жана илимий техникалык өнүгүү жигердүү алгалап бараткан учурда этностор менен аларды курчап турган табигый чөйрөнүн ортосундагы мамиле актуалдуу проблемалардын бири. Жашоонун азыркы ыргагы, күндөлүк жашоого улам жаңы технологиялардын кирип жатышы өсүмдүктөр дүйнөсү, алардын элдин турмушундагы ролу тууралуу

салттуу билимдердин тез унутулушуна алып келүүдө. Ошого байланыштуу акыркы жылдарда бүт дүйнөдө элдердин өсүмдүктөрдү пайдалануу тууралуу этноботаникалык маалыматтарды чогултуу жигердүү түрдө жүрүп жатат. Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун, мамлекеттик эмес уюмдардын материалдарында чакан элдердин аймактык флораны пайдалануусунун өзгөчөлүктөрүн изилдөө зарылдыгына көп көңүл бурулууда. Элдердин ден соолугу жөнүндө кам көрүү, ооруларды салттуу ыкмалар менен дарылоо тажрыйбасын изилдөө менен гана эмес, флораны, биологиялык ар түрдүүлүгүн сактоо максаты менен да шартталган. Анткени флорага жырткычтык мамиле анын айрым түрлөрүнүн жок болушуна алып келүүдө. Кыргыз салттуу коомунда курчап турган чөйрөгө өзгөчө мамиле жасаган. Табияттын сырларын терең үйрөнүп, аны менен айкалышып, ага аяр мамиле жасап, флора менен фаунаны туура пайдаланып келген. Ошол себептүү кыргыздардын салттуу чарбачылыгында, күндөлүк турмуш-тиричилигинде өсүмдүктөрдү пайдалануусу жана алардын элдик маданий мураска айланышы ар тараптуу иликтөөлөрдү талап кылат. Этностордун жаратылышты таануусунун жана пайдалануусунун салттуу системасы жаратылыш чөйрөсүнө карата ыңгайлашат. Ошондуктан, көпчүлүк окумуштуулар ыңгайлашуунун маанилүү механизми - этностук маданият, - деп эсептешет.

Бул изилдөөдө XIX к. аягы XX к. башындагы кыргыздардын этномаданий мурасынын бири - өзүлөрүн курчап турган өсүмдүктөрдү - флораны таануусу жана аны турмуш-тиричилигинде колдонуусу болуп саналат. Кыргызстандын аймактары географиялык шарты, экономикасы боюнча бири-биринен кескин түрдө айырмаланып турат. Кыргызстандын түштүгү менен түндүгүнүн географиялык чөйрөсү жана шарты ар башка, ошого жараша экологиялык абалы да айырмаланат. Ал өз кезегинде жашаган элдин турмуш-тиричилигине жана маданиятына таасирин тийгизет. Ошону менен бирге, бул маанилүү этнологиялык маселе кыргыз таануу илиминде алигече өзүнчө изилдөө предмети боло элек. Кыргыздардын чарбачылыкта, күндөлүк турмушта, элдик медицина жана ветеринарияда ж. б. флораны пайдалануунун кылымдар бою топтолгон элдик тажрыйбасы коомдук жана табигый илимдердин өкүлдөрдү тарабынан азын-оолак изилденип келе жатат. Чет өлкөлөрдө XIX к. аягынан тарта постсоветтик республикаларда XX к. акырынан тарта бул багытта атайын изилдөөлөр жүргүзүлүүдө жана бир топ илимий эмгектер жарыяланган, тактап айтканда, "Этноботаника" илимий багыты калыптанын жатат. Бул багытта жогоруда айтылгандай Кыргызстанда алгачкы кадамдар жасалды, бирок атайын изилдөөлөр жок. Айрым гана стилистикалык өзгөртүүлөрдү эске албаганда сөзмө-сөз алынган

бул негиздемеде Ковид-19 пандемиясынан кийин келип чыккан илимий зарылдыктар да айтылса дурус болмок.

3. Илимий жыйынтыктары жөнүндө. Диссертант өзүнүн көп жылдык изилдөөлөрүнүн негизинде бир катар илимий бүтүмдөр, жыйынтыктар чыгарган. Аларды айрым тактоолор менен, эркин келтирсек, төмөнкүчө:

Биринчи жыйынтык: XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүндө жашаган кыргыздар өзүлөрүн курчап турган флораны өз мезгилине жараша ар тараптан жана терең андап билишкен; алар өсүмдүктөрдүн ар бирине ез алдынча ат берип, алардын физикалык, биологиялык сапаттарына жараша, күндөлүк жашоо-турмушунда кенен-кесири азык, шыпаазат, сулуулук каражаты, айлананы көрктөндүрүүнүн жандуу арсеналы катары урунуп келишкен.

Экинчи жыйынтык: Кыргыздар күндөлүк турмушта кадыресе табияттын чөйрөсү менен айкалышып жашап, өзүнө таандык маданиятын калыптандырган, кыргыз элинин этникалык маданиятын, менталитетин жана табиятка карата болгон кез карашын, экологиялык түшүнүктөрүн аныктаган;

Үчүнчү жыйынтык: Аталган чөлкөмдө жашаган кыргыздар негизинен мал чарбачылык жана дыйканчылык менен жан багып келишкендиктен. жергиликтүү табигий флора жана бакчачылык да алардын чарбалык-маданий тибинин (ЧМТ) калыптанышына таасирин тийгизген;

Төртүнчү жыйынтык: Андан сырткары, өсүмдүктөр дүйнөсү мал чарбачылыкты өстүрүүдө тоют катары гана пайдаланылып тим болбостон, алардын түзүмдөрү түрдүү багыттагы тиричилик каражаттары катары да пайдаланылып келген.

Бешинчи жыйынтык: Кыргыздар өздөрүн курчап турган табигий флораны жана маданий өсүмдүктөрдү салттуу чарбачылыкта буюм, шайман, курал-жарак жана идиш-аяк катары пайдаланышы жана алардын жасалыш ыкмалары, турган орду салттуу түшүнүктөр менен коштолгон.

Алтынчы жыйынтык: Фергана өрөөнүнүн Түштүк-Батыш аймагын жердеген кыргыздар тамак-аш түрлөрүн даярдоодо жана аны колдонууда сүттөн, эттен жана дандан башка ар түрдүү өсүмдүктөрдөн алынган азыктарга кеңири орун берип келишкен. Табигый жаратылыш флорасынан сырткары, бакчада колдо өндүрүшкөн өсүмдүктөрдү да күндөлүк тамак-аштарында колдонушкан;

Жетинчи жыйынтык: XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүнүн Түштүк-Батышында жашаган кыргыздардын дыйканчылык менен өндүрүлгөн өсүмдүктөрдүн жана алардан жасалган буюмдардын даярдоо ыкмалары салттуу маданият үлгүсүнө айланган.

Сегизинчи жыйынтык: Фергана өрөөнүнүн Түштүк-Батышын жердеген кыргыздардын өсүмдүк түрлөрүн өндүрүштө, тактап айтканда, тери жана жүн буюмдарын даярдоодо боёк катары пайдалануу, аны колдонуу усулу жана ыкмалары этномаданий өзгөчөлүктөргө ээ болгон.

Тогузунчу жыйынтык: Аталган чөлкөмдүн кыргыздары табигий жана техникалык өсүмдүктөрдү шыпаазат катары кеңири пайдаланууга аракет кылышкан. Алар өсүмдүктөрдү сулуулук каражаты катары да колдонушкан.

Онунчу жыйынтык: Аймакта өскөн, дүйнөдө сейрек кездешүүчү гүлдөр, дарактар өзүнүн табигий кооздугу менен жергиликтүү калктын рухий дүйнөсүнө таасир берип, эстетикалык табитин калыптандырган. Бул жыйынтыктар диссертациялык иште колго алынган маселелер боюнча чыгарылган негизги бүтүмдөрү толугу менен камтыйт.

5 Ушуга чейинки айтылгандарды жалпылаштыра турган болсок, теманын актуалдуулугу негизделип, изилдөөнүн максаты жана милдеттери туура коюлган. Аткарылган диссертациялык иш кыргыз этнология илиминде XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүнүн Түштүк-Батышын байырлаган кыргыздардын флораны күндөлүк турмуш-тиричиликте пайдалануусун атайын өзүнчө изилдөөгө аракет жасаган алгачкы эмгек болуп саналат. Анда Фергана өрөөнүнүн мелүүн жана ысык алкагында өскөн өсүмдүктөрдүн түрлөрү, сапаттары, табигый жана колдо өстүрүлгөн флораны салттуу чарбада, турмуш-тиричиликте кандай форма жана мазмунда керектелүүсү конкретүү фактылардыи негизинде ар тараптан талдоого алынган. Чарбачылыкта пайдаланылуучу флорадан жасалган буюмдар жана шаймандар жана аларды жасоонун элдик ыкмаларынын аймактык өзгөчөлүктөрү этнографиялык талаа материалдарынын негизинде каралган. Пайдалуу өсүмдүктөр аныкталып, жергиликтүү калкты сурамжылоо аркылуу элдик тажрыйба иликтенген. Жапайы жана маданий өсүмдүктөрдүн элдик же кыргызча аттарын ботаникалык тил (латынча жана орусча аталыштары табылган) менен салыштырып таап, илимий мазмуну жана функциясы менен айкалыштырылган жана алар диссертацияда көрсөтүлгөн. Айыл-чарба иштеринде пайдалануучу, өсүмдүктөрдөн жасалган турмуш тиричилик буюмдары, шаймандар, идиш-аяктар жана аларды жасоонун элдик ыкмаларынын аймактык өзгөчөлүктөрү этнографиялык талаа материалдардын негизинде изилденген. Кыргыздардын флораны тамак-аш, дары каражаты катары күндөлүк тиричиликте пайдаланышы жана жасалышынын элдик ыкмалары изилденген. Турмуш-тиричиликте флораны тери жана жүн иштетүүдө боёк катары даярдоо тартиби жана буюмдарга ар түрдүү түс берүү ыкмалары ачып көрсөтүлгөн. Ошону менен бирге, бул илимий маселе башка түрк тилдүү жана кошуна элдерде өсүмдүктөрдүн

аталышы, колдонуу ыкмалары менен салыштырылып каралган. Кыргыз элинин өсүмдүктөргө байланышкан ырым-жырымдары, каада-салттары жана дүйнө таанымдары да көңүл сыртында калган эмес.

4. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли жөнүндө төмөнкүлөрдү айтууга болот: - чыгарылган ар бир жыйынтыктын негиздүү болушу үчүн керектүү аракеттер жасаган. Диссертанттын илимий, жазма жана оозеки этнографиялык. фольклордук материалдарды колдонуусу анын аткарган илимий ишинин жыйынтыктарынын ишенимдүү жана негиздүү болушун камсыз кылган; илимий ишти аткарууда стационардык жана экспедициялык жолдордун жана заманбап илимий усулдардын колдонулушу, жыйналган маалыматтардын көп түрдүүлүгү аталган аймакта жашаган кыргыздардын салттуу коомундагы өсүмдүктөрдү пайдалануусуна берилген мүнөздөмөлөр менен корутундулардын ынанымдуулугун арттырган; - изилдөөнүн сүрөт, видео, аудио, буюм ж.б. түрүндөгү булактарга таянуу менен жүргүзүлүшү; иликтенип жаткан аймактагы кыргыздардын өсүмдүктөргө карата жасаган ырым-жырымдары, каада-салттары, жыгачтардын касиеттери жөнүндөгү пикирлери жана дүйнө таанымдары элдик оозеки чыгармалардын өрнөктөрү, дары чөптөр, жандуу талаа материалдары менен тастыкталышы автордун айткан ойлорунун негиздүүлүгүнө кепилдик кылат.

5. Диссертациялык иштеги ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), корутундунун жаңычылдыгынын деңгээли. Диссертациянын жаңычылдыгынын денгээлин эки өңүттөн кароого кароого болот. Биринчиси - теманын мурда иштелбегендиги, алгачкы жолу колго алынып жатышы. Изденүүчү биринчилерден болуп бул татаал жана көп убакытты талап кылган изилдөөсүн соңуна чыгаруу менен кыргыз этнологиясында өз чыйырына ээ болду. Ошондой эле, жаны маалыматтарды ачуу жана жаңы ой корутундулар чыгаруу менен этнология илимин жаны ойлор менен байытты.

6. Диссертациянын илимий-практикалык мааанисин ачууда, изилдеген маселелерди чечүүдө чыгарылган жыйынтыктардын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо. Диссертант XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүнүн Түштүк-Батыш бөлүгүн жердеген кыргыздарынын өсүмдүктөрдү таанып билүүсү, жүргүзгөн чарбачылыгы, пайдаланган буюм-тайымдары, шаймандары, аларды жасоонун салтуу 7 ыкмалары, өсүмдүктөрдү тиричиликте тамак-аш, дары каражаты катары үнөмдүү жана аяр пайдаланышы жөнүндөгү маалыматтарды берүү менен кыргыздардын табигый шарт, айлана-чөйрө менен эриш-аркак жашагандыгын ачып берген. Ушунун өзү кийинки муундарды жаратылышка аяр мамиле жасоого үйрөтөт.

Экосистеманын маанилүү курамдык бөлүгү болгон флорага сүймөнчүк менен мамиле жасалбаган жерде элдин ар тараптан өсүп-өнүгүшү толук кандуу болбосу белгилүү. Курчап турган флорага жарандардын этият мамиле кылуусу керектиги диссертациялык иштин өзөктүү оюу болуп саналат. Диссертациялык иштин илимий-теориялык жыйынтыктары кыргыз элинин салттык маданияты менен дүйнө таанымынын жогорку деңгээлде өнүккөндүгү тууралуу маалыматтарды берип, түшүнүктөрдү кеңейтет. Анын материалдары менен негизги жоболору коомдук илимдер, табигый илимдер тармагында, ошондой эле орто жана жогорку кесиптик окуу жайлары үчүн дарстарды, атайын курстарды, окуу китептерди, усулдук колдонмолорду даярдоодо кецири колдонулушу мумкун. Рецензияланып жаткан изилдөө тарыхчыларга, этнографтарга, жалпы илим иликтөөчүлөргө жана көркөм өнөр менен эмгектенишкен кесип ээлерине да баалуу материал болуп бере алат. Анын жыйынтыктары кыргыз элинин этномаданиятын, колдонмо өнөрүн окутууда, этнография жана атайын курстарды студенттер үчүн окууга, жалпы эле билим алган окуучуларга, жаштарга сунуштаса болот. Бул эмгектин жыйынтыктары жалпы эле коомчулукка, эс тарткан адамдарга, үй-бүлөлөргө керек болушу мүмкүн.

7. Автореферааттын диссертациянын мазмунуна туура келиши. Автореферат диссертациянын мазмунуна туура келе турган деңгээлдеги тактыкта жазылган. Ал кыргыз, орус жана англис тилдеринде, бири-бирине мазмундук жактан дал келген аннотациялар менен жабдылган.

8. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар. Диссертациялык иш айрым кемчиликтерден да куру эмес. Алар төмөнкүлөр: - диссертациялык иштин 6 баптан турушу көзгө урунат. Аны акыркы баптарды бириктирүү менен 4 бапка тушүрүүнү сунуштаар элем; - темага тиешелүү адабияттарды талдоого арналган бөлүмдө айрым эмгектердин эске алынбагандыгын көрүүгө болот. (М.: С. Кайыпов, А. Надирова);

8 диссертациялык иштин текстинде жана авторефератында айрым стилистикалык мүчүлүштүктөр учурайт. Аларды ишти коргоого даярдоо учурунда иретке салып чыгуу талап кылынат; жыйналган талаа материалдарды архивдештируу жагынан кемчиликтердин бар экендиги байкалат. Ар бир этабылгалар паспорттоштурулган, инвентардык номерге ээ болгон болсо, талапка ылайык келмек; диссертация менен автореферааттын ортосундагы терминдик ж.б. дал келбөөчүлүктөрдү, механикалык каталарды дыкаттык менен түзөтүп чыгуу зарыл; - диссертацияда колдонулган "Фергана өрөөнүнүн Түштүк-Батышы" деп аталган чөлкөмдүн кайсыл жерден башталып, кайсыл жерден бүтөрү жөнүндө так маалымат берилип, атайын

иштелип чыккан этнографиялык карта менен жабдылса, максатка ылайык болмок.

9. Изденүүчүнүн баштапкы материалдары менен таанышуунун жыйынтыктары: - изденүүчү А. М. Абдиева диссертациялык иши үчүн талаа материалдарын жыйноо, иреттөө жана талдоо иштерин 2012-жылы баштап, бүгүнкү күнгө чейин чейин үзгүлтүксүз уланткан.

Диссертациялык иш БатМУнун М. М. Таиров атындагы Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун гуманитардык факультетинин Кыргыз тили жана тарых кафедрасынын, БатМУ А. А. Машрабов атындагы Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтунун Педагогика жана экономика факультетинин Филологиялык жана педагогикалык билим берүү кафедрасынын кеңейтилген жыйынынында 2024-жылдын 12-июнунда талкууга алынган.

10. Диссертациянын жыйынтыктарынын жана корутундусунун автордун тематика боюнча жарыялаган эмгектеринде тастыкталышы. А. М. Абдиеванын илимий макалалары кандидаттык диссертациясынын темасынын алкагында жарыяланып, андагы көтөрүлгөн маселелер толук чагылдырылган десе болот. Алар Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын талаптарына жооп берет. Диссертант темага түздөн-түз тиешеси бар 19 илимий макала жарыялаган. Алар диссертациянын жана анын авторефератынын тиешелүү жерлеринде толугу менен саналып берилген.

9 Жыйынтыктап айтканда, изденүүчү Абдиева Айшахан Мухаматкуловнанын "Кыргыздардын өсүмдүктөрдү таанып билүүсү жана колдонуусу (XIX к. аягы - XX к. башы)" деген темадагы 07.00.07 этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдаган диссертациясын, жогоруда белгиленген мүчүлүштүктөрдү жоюу шарты менен, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Академик Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Д. 07.23.674 Диссертациялык кеңешинде коргоого сунуш кылам.

13. Жетектөөчү мекемени, оффициалдуу оппоненттсрди дайындоону сунуштоонун негиздүүлүгү. Жетектөөчү мекеме катары И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетин сунуштайм. Ал университетте бул диссертациялык ишке профессионалдык жактан баа бере ала турган адистер жетиштуу деп эсептейм. Расмий оппоненттерди дайындоо жагын Диссертациялык кецештин эркине коюуну туура көрөм. Эң акырында, А. М. Абдиеванын "Кыргыздардын

өсүмдүктөрдү таанып билүүсү жана колдонуусу (XIX к. аягы - XX к. башы)" деген темадагы 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдаган диссертациялык иши - бай талаа материалдарынын негизинде учурдун теориялык-методологиялык деңгээлине ылайык аткарылган илимий эмгек. Ал Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет. Аны ачык коргоого сунуштайм.

**Төрага:** Урматтуу Сулайман Турдуевич, чоң ракмат. Абдан сонун айттыңыз. Сиздин талкууңуздан кийин диссертация дагы бир тепкичке көтөрүлгөнсүп калды. Сөз эксперт, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин Тарых жана чөлкөм таануу институтунун профессору, тарых илимдеринин доктору Тынчтыкбек Кадырмамбетович Чороевде.

**Т.и.д, профессор Т.К.Чороев:** Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер, бул өтө маанилүү тема боюнча Айшахан Мухаматкул кызы Абдиева жакшы иликтөө жүргүзгөн экен. Бул теманын өтө ургалдуулугу, мааниси жөнүндө мага чейин эксперттер, илимий жетекчиси, өзү дагы жакшы айтып кетишти. Бул кызыбыз өтө мээнеткеч, бир айткан сөздү дароо аткарган ушундай жакшы кесиптеш экен. Алдыңыздарда өзү иликтеген маалыматтардын үлгүлөрү турат. Бул этнограф үчүн өтө маанилүү. Бизде заттык маданият, заттык эмес маданият деген бар эмеспи. Бул экөөнүн айкалышкан жеринде, биягынан карасаң зат турат, бирок, бул заттык маданияттын туундусу. Себеби, ушуну жасаш үчүн канча муундар үй-бүлөдөн үй-бүлөгө, уруудан урууга чон энелер келин-балдарына, аталары неберелерине үйрөтүп, биз унутуп калган көп мурастык маалыматтарды сактап келишкен экен. Мисалы: биз көркөм адабиятта андай-мындай окуп калабыз, күчала ж.б. жөнүндө. Мына азыр жаныбызда турат, ушулардын баары турат. Албетте кылыч дегенди биз да бала кезибизден билчүбүз, көрчүбүз, бирок баары биле беришпейт. Өсүмдүк менен байланыштуу бардык технологиялык ыкмаларды чагылдырган, ошонун мөмөсүн берген дал ушул көргөзмөнүн өзү дагы ар түрдүүлүгү менен айырмаланып турат. Муундар жаңырып турат десек болот. Биз бул мээнеткеч диссертанттын ишене ыраазы болсок болот. Бир эле сөз айтып койгом, көргөзмө болсо көрсөтүп койсоң жакшы болмок эле деп койгонмун да. 1-2-3 эле болот го деп ойлогом, абдан соонун, өзүнчө эле музейлик бөлмө болуп калыптыр. Ушул багытта жактаган бирок башка тармакта жактагандар бар эле деп айттым эле. Аны таап барып, биология боюнча жактаган, өтө маанилүү фитонимиялык жакшы диссертацияларды

изилдеген авторлордун эмгегин тааптыр, аларды диссертациянын текстеринен да көрүп атам. Кашаага латын графикасында биологдор сыяктуу эле өсүмдүктөрдүн аталышын берип коюп атат. Кээ бир түшүнбөгөн кыргыздарга жеңил болсун үчүн орусча аталышын да берген. Бул изилдөө биз үчүн өтө керек болчу. Эгерде Бишкектен кимдир бирөөгө ушул теманы берсек барып Лейлекке барып изилдеп кел десе албетте, эптеп-септеп изилдемек. Бирок момундай бай казынаны алып чыга алмак эмес. Бул өзү дагы окумуштуунун таланты. Мисалы үчүн биз тил фольклорун билебиз. Ичинде жүрүп эле анын көп нерсесин ачып бере албайбыз. Ошол стихияда жашай беребиз. А чет өлкөдөн үйрөнүп келип алып этнографияны Фильеструп сыяктуулар казып чыгышты да. Ушундай нерселер бар тубайбы дешип. Бул кызыбыздын таланты өзү арасында жүрүп бирок этнограф катары ыргап классификациялап көрсөтө алгандыгында. Сиздерди ынандыргым келгени бул өто керектүү диссертация жана өз деңгээлинде жазылган. Прогматикалык, илимий, методдук жактан мага чейинки эксперттер абдан жакшы айтып өтүштү. Бул керектуу эмгекти андан ары изилдөө зарыл. Албетте бир диссертациянын негизинде баардыгын изилдеп салыш да мүмкүн эмес. Биз ушул учурда кенмчиликтерди айтуу менен жардамымыбызды бергибиз келет. Мазмунуна туура келиши боюнча мактап жактап айтышты, ага кошулам.

Изденүүчү А.М.Абдиеванын аталган темада жазылган кандидаттык диссертациясы **Д. 07.23.674** Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

Каралып жаткан диссертациялык иште XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башындагы кыргыздардын өсүмдүктөрдү таанып билүүсү жана аларды колдонуусу изилденген. Диссертациялык иштин мазмуну 07.00.07 - этнография, этнология, антропология адистигинин паспортуна ылайык келет.

Илимий иштин максаты катары автор XIX к. аягы - XX к. башындагы хронологиялык алкактагы Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш аймагындагы кыргыздардын өздөрүн курчап турган өсүмдүктөрдү күндөлүк турмушта пайдалануусун ар тараптан иликтеп көрсөтүүнү көздөгөн. Автор өзүнүн алдына койгон максатка жетүү үчүн төмөнкү милдеттерди койгон:

- тема боюнча негизги булактар менен адабияттарга комплекстүү анализ берилген;
- -иликтенген аймактагы салттуу маданият, өсүмдүктөр жана алардын пайдаланылышы боюнча маалыматтарды чагылдырган байыркы жазма эстеликтерге, орто кылымдардагы тарыхый булактарга, совет мезгилине чейинки орус, чет элдик окумуштуу-саякатчылардын

эмгектерине, эгемен мезгилде жазылган илимий изилдөөлөргө булакнаамалык жана тарыхнаамалык талдоолор жүргүзүлгөн;

- кыргыздардын өсүмдүктөр боюнча дүйнө таанымы жана аларды колдонуунун салттуу ыкмаларын изилдөөдө күткөн жыйынтыктарга жетүү үчүн иштин илимий-методологиялык негиздери аныкталган;
- өсүмдүктөрдөн жасалган буюмдарды жана алардын жасалыштарын изилдөө;
- дыйканчылык менен өндүрүлгөн өсүмдүктөр жана алардан жасалган буюмдардын жасалыштарын ачып көрсөтүү;
- өсүмдүктөрдү тамак-аш катары пайдаланылышы жана алардын жасалышында элдик ыкмаларын изилдөө;
- өсүмдүктөрдү дары катары пайдаланышын жана алардын жасалышынын элдик ыкмаларын иликтөө;
- өсүмдүктөрдү мал чарбачылыкта салттуу дары катары пайдаланышын ачып көрсөтүү;
- өсүмдүктөрдү тери жана жүн иштетүүдө пайдаланылышын иликтөө;
- сулуулук каражаты катары өсүмдүктөрдү пайдаланылышын ачыктоо;
- каада-салт, ырым - жырымдарда өсүмдүктөрдү пайдаланууну карап чыгуу;
- айрым өсүмдүктөрдүн жергиликтүү элдин руханий дүйнөсүндөгү ордун аныктоо.

Диссертациянын изилдөө **объекти** XIX к. аягы - XX к. башындагы Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш аймагындагы кыргыздардын өсүмдүктөрдү таанып билүүсү жана колдонуусу.

Иштин методологиялык негизин тарыхчы, этнолог, антропологдор тарабынан иштелип чыккан объективдүүлүк, салыштырма-тарыхый ыкма, байкоо жүргүзүү, маектешүү, ретроспективдүү ыкмалары түздү. Эмгек 07.00.07 - этнография, этнология, антропология адистиги боюнча коюлган талаптарга жооп берет.

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугун автор төмөндөгүдөй негиздейт:**

Бул изилдөөдө XIX к. аягы - XX к. башындагы кыргыздардын этномаданий мурасынын бири-өзүлөрүн курчап турган өсүмдүктөрдү - флораны таануусу жана аны турмуш-тиричилигинде колдонуусу болуп саналат. Кыргызстандын аймактары географиялык шарты, экономикасы боюнча бири-биринен кескин түрдө айырмаланып турат. Кыргызстандын түштүгү менен түндүгүнүн географиялык чөйрөсү жана шарты ар башка, ошого жараша экологиялык абалы да айырмаланат. Ал өз кезегинде жашаган элдин турмуш-тиричилигине жана маданиятына таасирин тийгизет. Ошону

менен бирге, бул маанилүү этнологиялык маселе кыргыз таануу илиминде алигече өзүнчө изилдөө предмети боло элек.

2. **Илимий жыйынтыктары.**

Диссертациянын темасы боюнча жүргүзүлгөн иликтөөлөрдүн негизинде бир катар жобо чыгарылган. Алар төмөнкүлөр:

**1-жыйынтык.** Автор тарабынан теманын актуалдуулугу конкреттүү көрсөтүлгөн. Изилдөөнүн максаттары жана тапшырмалары туура коюлган.

**2-жыйынтык.** Аткарылган эмгек кыргыз этнология илиминде XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын флораны күндөлүк турмуш-тиричиликте пайдалануусун атайын өзүнчө изилдөөгө аракет жасаган алгачкы эмгек болуп саналат.

**3-жыйынтык.** XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш аймагындагы мелүүн жана ысык алкакта өскөн өсүмдүктөрдүн түрлөрү, сапаттары, табигый жана колдо өстүрүлгөн флораны салттуу чарбада, турмуш-тиричиликте кандай форма жана мазмунда керектелүүсү ар тараптан изилденген.

**4-жыйынтык.** Мал чарбачылыгында пайдаланылуучу флорадан жасалган буюмдар жана шаймандар жана аларды жасоонун элдик ыкмаларынын аймактык өзгөчөлүктөрү этнографиялык талаа материалдарынын негизинде каралган.

**5-жыйынтык** Пайдалуу өсүмдүктөр аныкталып, жергиликтүү калкты сурамжылоо аркылуу элдик тажрыйба иликтенген.

**6-жыйынтык.** Өсүмдүктөрдүн элдик же кыргызча аттарын ботаникалык тил (латынча жана орусча аталыштары табылган) менен салыштырып таап, илимий мазмуну жана функциясы менен айкалыштырылган, алар изилдөөдө көрсөтүлгөн.

**7-жыйынтык.** Дыйканчылык иштеринде пайдалануучу өсүмдүктөрдөн жасалган турмуш-тиричилик буюмдары, шаймандар, идиш-аяктар жана аларды жасоонун элдик ыкмаларынын аймактык өзгөчөлүктөрү этнографиялык талаа материалдардын негизинде изилденген.

**8-жыйынтык.** Кыргыздар флораны тамак-аш, дары каражаты катары күндөлүк тиричиликте пайдаланышы жана жасалышынын элдик ыкмалары изилденген.

**9-жыйынтык.** Кыргыздар турмуш-тиричиликте флораны тери жана жүн иштетүүдө боёк катары даярдоо тартиби жана буюмдарга ар түрдүү түс берүү ыкмалары ачып көрсөтүлгөн.

**10-жыйынтык.** Ошону менен бирге, бул илимий маселе башка түрк тилдүү жана кошуна элдерде өсүмдүктөрдүн аталышы, колдонуу ыкмалары менен салыштырылып каралган;

**11-жыйынтык.** Кыргыз элинин өсүмдүктөргө байланышкан ырым-жырымдары, каада-салттары жана дүйнө таанымдары чагылдырылган.

**4-Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли.**

**1-жыйынтык.** Ар бир жыйынтыктын негиздүү далилдөөгө далалат жасаган. А.М.Абдиеванын жазма, этнографиялык, фольклордук материалдарды тартуу менен колдонгон изилдөө ыкмалары диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда өбөлгө түзгөн.

**2-жыйынтык.** Диссертация бир катар жаңы илимий жыйынтыктарга ээ, бул автордун этнология илиминин өнүгүүсүнө кошкон жеке салымы тууралуу кабар берип, иштин ички биримдигин далилдеп турат.

**3-жыйынтык.** Стационардык үч изилденген калктуу конуштан жыйналган маалыматтардын негизинде Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш аймагындагы кыргыздардын салттуу коомундагы өсүмдүктөрдү пайдалануусуна мүнөздөмө берилген.

**3-жыйынтык.** Азыркы мезгилге чейин белгисиз болгон, же толук маалымат берилбей келген өсүмдүктөрдөн жасалган сулуулук каражаты катары жана дарылык максатта да пайдаланылып келген кошулмалардын (порошок) курамы аныкталып, аларды жасоо ыкмалары илимий анализдин негизинде, толукталып, сүрөттөрү жана видеолору менен көрсөтүлгөн.

**4-жыйынтык.** Иликтен аймактагы кыргыздардын өсүмдүктөргө карата жасаган ырым-жырымдары, каада-салттары жана дүйнө таанымдары элдик оозеки чыгармалардын (макал-лакаптарда, ырларда, эпостордо, төкмө акындардын ырларында жаратылышка мамиле, чөптөрдүн, жыгачтардын касиеттери, дары чөптөр тууралу маалыматтар табууга болот), талаа материалдарынын негизинде тастыкталган.

5. **Диссертациялык иштеги ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), корутундунун жаңычылдыгынын деңгээли.** Диссертация бир катар жаңы илимий жыйынтыктарга ээ, бул автордун этнология илиминин өнүгүүсүнө кошкон жеке салымы тууралуу кабар берип, иштин ички биримдигин далилдеп турат.

   Этнографиялык планда аталган маселе алгачкы жолу изилденип жаткандыктан жаңы болуп эсептелет.

   Ата-мекендик жана эл аралык илимде бул тема фрагментардуу жана үстүртөн каралгандыктан жарым-жартылай жаңы болуп эсептелет.

6. **Диссертациянын илимий-практикалык мааанисин ачууда, изилдеген маселелерди чечүүдө чыгарылган жыйынтыктардын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш кыргыздарынын өсүмдүктөрдү таанып билүүсү, жүргүзгөн чарбачылыгы, чарбачылыкта пайдаланган буюм-тайымдары, шаймандары, аларды жасоонун салттуу ыкмалары, өсүмдүктөрдү тиричиликте тамак-аш, дары каражаты катары үнөмдүү жана аяр пайдаланышы жөнүндө, кыргыздардын табигый шарт, айлана-чөйрө менен бир эриш-аркак болуп жашагандыгы далилденген.

Бул азыркы жана кийинки муундарды жаратылышка аяр мамиле жасоого үйрөтөт. Жаратылыш, андагы флорага аяр мамиле жасалбаса, ал өз кезегинде адамзатка чоң зыян келтирет. Жаратылыш, флора бузулса элдин ар тараптан өсүп-өнүгүшү толук болбойт. Курчап турган флорага мамлекеттин жарандары этият мамиле кылуусуна аз да болсо жардам берет.

Изилдөөнүн илимий-теориялык жыйынтыктары кыргыз элинин салттык маданияты, өсүмдүктөр боюнча тарыхый адабияттардын тизмесин толуктап, кыргыздардын дүйнө таанымынын мыкты деңгээлде өнүккөндүгү тууралуу маалыматтарды берип, түшүнүктөрүн кеңейтет. Диссертациялык иштин материалдары менен негизги жоболору коомдук илимдер, табигый илимдер тармагында, ошондой эле орто жана жогорку кесиптик окуу жайлары үчүн дарстарды, атайын курстарды, окуу китептерди, усулдук колдонмолорду даярдоодо кеңири колдонулушу мүмкүн.

Бул эмгек тарыхчыларга, этнографтарга, жалпы илим иликтөөчүлөргө жана көркөм өнөр менен эмгектенишкен кесип ээлерине да баалуу материал боло алат. Изилдөөнүн жыйынтыктары кыргыз элинин этномаданиятын, колдонмо өнөрүн окутууда, этнография жана атайын курстарды студенттер үчүн окууга, жалпы эле билим алган окуучуларга, жаштарга сунуштаса болот. Бул эмгектин жыйынтыктары жалпы эле коомчулукка, эс тарткан адамдарга, үй-бүлөлөргө керек болушу абзел.

7. **Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Диссертациянын максаты жана милдеттерине авторефераттын тексттинде чагылдырылган материалдар толугу менен жооп берет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде бири-бирине мазмундук жагынан окшош (идентивдүү) резюмелер менен жабдылган. Бирок, авторефераттын текстин кескин кыскартыш керек. Бир эле мисал, 10-11-бетте балбан биздин темага кереги жок. Сиз түз эле андан кийинки сүйлөмдү айттыңыз. Балбандарды күрөшкө даярдоо үчүн күчала беришкен. берки майда-чүйдө нерселердин диссертацияда бересиз.

**8. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

Илимий изилдөөдө кетирилген кээ бир кемчиликтерди же өксүктөрдү жоюу үчүн айрым сунуштарым төмөндөгүдөй:

1. Диссертациялык иштин киришүү бөлүгүндө актуалдуулугун толук, кеңири ачып берүүнү сунуштайт элем.
2. Кыргызстандын түндүк бөлүгүндөгү өсүмдүктөр дүйнөсү, дары чөптөр боюнча постсоветтик мезгилдеги изилдөөлөрдү, этноботаника боюнча илимий эмгектерди, алардын изилдениши тууралсында, маселен, Кыргызстандан башка илимий тармакта жакталган эң соңку диссертациянын аталышын жана сыпаттамасын тарыхнаамалык параграфка киргизүү зарыл.
3. Диссертацияда бир канча өсүмдүктөрдүн сүрөттөрү жыйналган, видеого тартылган, этнографиялык экспедициянын алкагында көптөгөн экспонаттар топтолуп, “Этно плюс” этнографиялык борбор түзүлдү деп берилген. Ошол дары чөптөрдү, экспонаттардын кайсы бир бөлүктөрүн заттык үлгү катары алып келип, жактоо маалында көрсөтсөңүз да жакшы болмок. Бул табылгаларыңыз иштин маанилүүлүгүн жана даректүүлүгүн арттырат.
4. Изденүүчү диссертациянын 5-баптын 2-параграфында Кыргызстандын түштүк-батыш бөлүгүндөгү кыргыз элинде гана кездешип келген өсүмдүктөрдү сулуулук каражаты катары пайдалануусу боюнча токтолгон. Анда аялдардын тиштерин бойоосу, “тиш калы” деп аталган каражаттын кошулмалары жөнүндө унутта калган баалуу маалыматтар камтылган. Аталган кошулманын аялдардын тиштерин бекем сактоодо, ооз көңдөй ооруларынын алдын алуусу жана башкалар тууралсында сейрек маалыматтар камтылат. Аталган кошулманын аялдардын тиштерин бекем сактоодо, ооз көңдөй ооруларын алдын алуусу жана башкалар тууралсында сейрек маалыматтар кездешет. Бул кошулмалар учурда табылбайт. Бирок, диссертациянын тиркемесинде тиш калыны турмуштук тажрыйба катары колдонуу боюнча видео шилтемени көрүүгө болот. Мен авторго тиш калы боюнча програматикалык (иштиктүү) сунуш бергим келет. Ошол кошулманы Кыргызпатентке заттык курамды ойлоп табуу катары өзүңүздүн атыңыздан каттатсаңыз сонун болмок. Сиздин этнографиялык табылгаңыз автордук укуктук жактан тастыкталышы керек деп ойлоймун.
5. Колдонулган адабияттарга чет элдик адабияттарды сөзсүз түрдө жана кошууну сунуштаймын.

6. Диссертация менен авторефератта кездешүүчү терминдик ж.б. дал келишпестик, техникалык каталарды карап, оңдоп чыгуу зарыл.

**9. Изденүүчүнүн баштапкы материалдары менен таанышуунун жыйынтыктары:**

1. Изденүүчү диссертациянын үстүнөн он үч жылдан ашуун убакыт эмгектенген (2012-ж. бери).
2. Диссертант эл аралык экспедициялардын составында жана индивидуалдуу түрдө Кыргызстандын аймагында, жана Баткен облусундагы айылдарда талаа материалдарын чогулткан, аткарылган иштери жөнүндө тиркемедеги сүрөттөр, видеолор далил.
3. Диссертация БатМУнун М. М. Таиров атындагы Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун Гуманитардык факультетинин Кыргыз тили жана тарых кафедрасынын, БатМУнун А. А. Машрабов атындагы Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтунун Педагогика жана экономика факультетинин Филологиялык жана педагогикалык билим берүү кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын 2024-жылдын 12-июнунда талкууга алынган.

**10. Диссертациянын жыйынтыктарынын жана корутундусунун автордун тематика боюнча жарыялаган эмгектеринде тастыкталышы.**

А.М.Абдиеванын илимий макалалары кандидаттык диссертациясынын темасынын алкагында жарыяланып, андагы көтөрүлгөн маселелерди чагылдырып турат. Алар КРнын ЖАКтын талаптарына жооп берет.

Жалпысынан, диссертациялык эмгек теориялык жана методикалык жетиштүү деңгээлде, илимий жатык тилде жазылган. А.М.Абдиеванын кандидаттык диссертациясы – КРнын ЖАКтын талаптарына толук шайкеш, өз алдынча жазылган илимий иш. Жогоруда белгилегендерди эске алып, **Абдиева Айшахан Мухаматкуловнанын “Кыргыздардын өсүмдүктөрдү таанып билүүсү жана колдонуусу (XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы)”** аттуу темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасын корутундубуздагы белгиленген кемчиликтерди жоюу, сын пикир, сунуштарды жана каалоолорду эске алуу шарты менен

Мазмуну жөнүндө да кенири жазып кетиңиз. Кээ бир сөздөр фарсы, чагатай түрк сөздөрү менен бирдей болуп атпайбы, ошонун өзү менен бул кыргыздыкы эмес дебеш керек. Кыргыздар ошол тилди өзүнүн эне тили катары колдонушкан. Бирок, орток маанисин көрсөтүш керек. Өткөндө эле айттым, азыр дагы караңыз, Гүлжамал Бакинова диалектологиялык карта

түзүп жарыялай албай өтүп кетти окшойт. Бирок кол жазмасы сакталган болсо керек. Мунун эмгегин уурдагандар да бар деп укканмын. Гулжамал Бакинованын эмгегинде абдан кызыктуу маалымат бар, экинчиден алардын да арбагы ыраазы болгудай, аларды да илимге чагылдырып турушубуз керек. Глоссарийди жазып атканда жөн гана сөз мааниси менен гана чектелбестен мүмкүн болушунча кээ бир талуу сөздөрдү Карасаевдин, Юдахин, Алдашевдин биологиялык сөздүгү бар , ошого дагы шилтеме берип, алардын дагы өсүмдүүктөрдүн аталышын чагылдырган окумуштууларыбыз катары өзгөчө тарыхчы болбосо дагы жылуу сөз айта кетиңиз. Махмуд Кашкари дагы адырашман деп биз айтабыз, аны элдүрүк деп балким туура эмес жазылып калган, бир катар дары чөптөрдү эскертип жазып кеткен экен. Аны сиз диссертацияда колдонупсуз, мен ыраазычылык менен белгилеп кетейин. Себеби, биздин булагыбыз ошол доорлордон башталат да. Ибн Сина жөнүндө да бир дурус маалыматыңыз бар экен. Ошол Ибн Синанын эмгегин азыркы тажик тилине которуп алып, азыр дагы кээ бир өсүмдүктөрдү колдонгонго пайдаланып жүргөн кыргыз (Тажикстандан Кыргызстанга көчүп келген кыргыз табып), өзбек, тажиктерди өзү көрүптүр. Бул дагы этнограф катары өзгөчө байкаган нерсе. Бул туурасында диссертацияда сөзсүз чагылдырып коюшуңуз керек. Албетте, кемчиликтер катары териминдик глоссарийди айтышпадыбы, аны сөзсүз аткара аласыз, өтө маанилүүлөрүн көрсөтүңүз. Аны диссертациядан кийин аны өзүнчө иликтесе болот. Дагы бир маанилүү нерсе. Өсүмдүктөрдү биз жалаң гана пайдалуу максатта колдонгон эмеспиз. Пайдасыз, зыяндуу максатта да колдонушкан. Мисалы үчүн: апийимдиин пайдасы да бар, баңгизат катары да зыяны бар, ошол сыяктуу өсүмдүктөрдү колдонуп аткандан кийин сиз баарыны көрсөтүп атасыз да. Баңгизаттын кайсы түрлөрүн колдонушкан. Ошолорду да кошо кетесизби.

Бул диссертация абдан ар тараптуу жазылган экен. Жактоо үчүн өтө татыктуу деп эсептеймин, эң соңунда болжолдуу оппоненттерди сунуштоо боюнча Сулайман Кайыпов Агай айткандай жетектөөчү мекеме катары И. Арабаев атындагы КМУну сунуштайм, ал мекемеде квалификациясы боюнча бул ишке туура келген адистердин саны жетиштүү деп эсептейм. Мен биринчи Сулайман Кайыповду расмий оппонент катары сунуштайын дегем. Көрсө ал КР Улуттук Илимдер Академиясында иштегендиги, илимий жетекчиси да ошол жерде иштегендиги үчүн туура келбейт экен. Ошондуктан, Махмуд Кашкаринин кээ бир өсүмдүктөрү жөнүндө макалаларым бар эле, расмий оппонент катары макул көрсөңөр мен өзүмдү сунуш кыламын. Экинчи оппонент катары тарых илимдеринин кандидаты, доцент Назгүл Рысмендееваны сунуштайм.

**Төрага:** Абдан жакшы**.** Уккубуз эле келип атат. Жооп берүү үчүн сөз Абдиевага берилет.

**Изденүүчү А.М.Абдиева:** Диссертацияда өрүк боюнча учкай эле жазылган болчу.Айнагүл Рысбаевнанын Баткендин бренди катары сөзсүз кошуу керек деген сунушун кабыл алып, БатМУда өрүк боюнча изилденген өрүктүн зыянкечтери боюнча жазылган эмгектерди карап чыктым. Диссертацияга өрүктүн түрлөрүн, аталыштарын киргиздим. Мисалы бир эле субканы өрүгү Лейлекте субхони деп аталышы, аларды кургатуу, өрүктөн жасалган тамак-аштар боюнча маалыматтар менен диссертация толуктанды. Сулуулук каражаты жана боёк катары өсүмдүктөрдү колдонуу боюнча 3-бапка койулган болчу, тамак-аш, дары адамдын жашоосунда маанилүү орунду ээлегендиктен жогорку баптар менен алмаштырылды. Коргоого чейин сунуштардын кемчиликтердин үстүндө иштеймин. Сулайман Кайыпов агайдын айткандары боюнча сулуулук каражатында берилген тиш калы жана эндик упа боюнча күлмайдалар (порошок) табылды. Какен Мамбеталиеванын эмгегинде тиш калыны аялдар пайдаланышат деп берилген. Бирок анын курамы жөнүндө маалымат кездешпейт. Бир канча аялдардан сурап, 97 жаштагы апа тиш калынын составын айтып берди.

Тынчтыкбек Кадырмамбетович айтып өткөндөй зыяндуу өсүмдүктөр боюнча көкнаринин бала ыйлаак болгондо, көк жөтөлгө пайдаланылышы боюнча берилди. Айнагүл Рысбаевнанын энциклопедия сыяктуу жазылган деп айтканы боюнча мен бул кемчиликтерди жоюп чыгамын. Өсүмдүктөрдү классификацияга бөлүү туурасында кийинки изилдөөлөрдө бул боюнча сөзсүз көңүл бурамын.

**Төрага:** Ыракмат, Айшахан сизге, эксперттердин берген суроолоруна, кемчиликтерине жооп бердиңиз. Анда урматтуу коллегалар, башка суроо жок болсо, эксперттердин корутундусун кабыл алуу жөнүндө добуш берип койсоңуздар. Иштин кабыл алуу боюнча бардыгы добуш берди. Колдооңуздар үчүн ракмат баарыңыздарга. Анда урматтуу коллегалар, оффициалдуу оппоненттерди сунуштасаңыздар.

**Т.и.д., профессор А.З.Жапаров:** Мен оппонентикке М. Мырзакметовду сунуштайт элем.

**Т.и.к., доцент А.Р.Бикбулатова:** Изденүүчү А.Абдиева өсүмдүктөр боюнча көп маалыматтар бар экен деген профессор Т.Чороевдин эмгектерин диссертацияда көп колдонуптур. Ошон үчүн биздин диссертациялык кеңештен Тынчтыкбек Кадырмамбетовичти биринчи оппонент катары сунуштаймын. Экинчи оппонент катары тарых илимдеринин кандидаты Назира Момунбаеваны сунуштайт элем.

**Т.и.д., профессор А.Р.Джоошбекова:** Биринчи оффициалдуу оппонентке т.и.д., профессор Тынчтыкбек Чоротегин агайды колдоймун. Экинчи оппонент катары Назира Момунбаевнанын өзүнүн ишинде өсүмдүктөрдөн боёкторду алуу жолун жазган.

**Т.и.д., профессор А.З.Жапаров:** Мен да аталган оппоненттерди колдоймун.

**Төрага:** Коллегалар, колго салалы, биринчи оппонент Чороев Тынчтыкбек Кадырмамбетовичке добуш берип койсоңуздар. Экинчиси этнография илими боюнча адис, т.и.к. Назира Момунбаевага добуш берип койсоңуздар. Макулбаары, каршы-жок. Бир добуштан бекилди деп эсептейбиз. Жетектөөчү мекемени сунуштасаңыздар.

**Т.и.д., доцент, окумуштуу катчы А.Р.Бикбулатова:** Жетектөөчү мекеме катары Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Кыргызстан тарыхы жана этнология кафедрасын сунуштайт элем.

**Төрага:** Урматтуу кеңештин мүчөлөрү, жетектөөчү мекеме катары Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Кыргызстан тарыхы жана этнология кафедрасы айтылып атат, добуш берип койсоңуздар. Бир добуштан кабыл алдык. Анда жетектөөчү мекеме Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Кыргызстан тарыхы жана этнология кафедрасы бекилди. Эми бир маселе калды, коллегалар, коргоо күнүн сунуштасаңыздар.

**Т.и.д., доцент, окумуштуу катчы А.Р.Бикбулатова:** Коргоо күнүнө 30-апрелди сунуштайбыз.

**Төрага:** Урматтуу коллегалар, добуш берип коргоо күнүн бекитип койсок, 30-апрель, анда бир добуштан кабыл алынды. Ушуну менен отурум аягына чыкты. Катышканыңыздар үчүн чоң ыраазычылык билдирем.

Диссертациялык кеңештин төрагасынын орун басары,
т.и.д., доцент: К.Ш. Табалдиев

Окумуштуу катчы,
т.и.д., доцент: А.Р. Бикбулатова

КЕНСЕ

К.Ш. Табалдиевдин колун тастыктайм
Максатбекова С.
кадр.бөлк. инспектору